**УДК 384.011**

***Нишанбаева М. А.***
*Нишанбаева Мерниса Анарбаевна – окутуучу, ОшМПУ*

# АДАМЗАТТЫН ЖАШООСУНДАГЫ БААЛУУЛУКТАР ЖАНА АДЕПТИК ТАРБИЯЛООНУН КӨРӨҢГӨСҮ

# ДЕМОНСТРАЦИЯ ЦЕННОСТЕЙ И НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ В ЖИЗНИ ЧЕЛОВЕКА

# DEMONSTRATION OF VALUES AND MORAL EDUCATION IN A PERSON'S LIFE

***Аннотация:*** *Жетекчилер элине кызмат кылуу менен чектелип калбастан адамдагы эң асыл сапаттарын негизде элдин жашоосуна өзгөчө көңүл буруп алардын жаркын жашоосуна шарт түзгөн. Элибиздин таланттуу уулдары, мыкты жетекчи Алымбек Сабитакуновго окшогондордор кийинки муунга өрнөк болот. Жетекчилик менен чектелип калбастан тарбия берүү багытында дагы бир топ үлгүлүү иштерди жасап кеткен. Элине кызмат жасаган окумуштуулар, ойчулдар, даанышмандар эң оболу элди башкарууда тарбиянын таасирдүү болушуна багытталган иштерди жасашкан. Ар бир эле доордо элинин намысын ойлогон, аны коргогон жетекчилер адептик дөөлөттөрдү сактап, маани-манызына көңүл буруп терең түшүндүрмө берип тарбиялоо олуттуу мааниге ээ. Элге кызмат кылуу адамды адептүүлүк, акыл- эстүүлүк мээнеткечтик, аруулук, туруктуулук сапаттардын калыптанышына жагымдуу шарттарды түзүп беришкен. Улуу акылмандык менен жетекчилик кызматты аркалап, иш жүргүзүүнүн тарых-таржымалы, басып өткөн өмүр жолу, калтырган мурастары элибиздин, жерибиздин сыймыгы катары белгиленип келген. Элине кызмат жасаган жетекчилер өз элинин Ата-Журтун ардагы, коомдук-саясий ишмер экенин баалап, эмгеги элдин эсинде түбөлүккө сакталарын тарых тастыктаган. Жетекчилик өз элинин кызыкчылыгына, тагдырына кайдыгер карабай жигердүү иштегенине байланыштуу элге кадыры сиңип, элдин алкоосуна ээ болгон.*

***Аннотация:*** *Руководители не ограничивались служением народу, а на основе самых благородных человеческих качеств уделяли особое внимание жизни народа, создавали условия для его светлой жизни. Талантливые сыны нашего народа, такие люди, как прекрасный лидер Алымбек Сабитакунов, станут примером для подражания для следующего поколения. Он проделал много образцовой работы в сфере образования, не ограничиваясь лидерством. Ученые, мыслители и мудрецы, служившие народу, в первую очередь вели работу, направленную на повышение эффективности образования в управлении народом. В каждую эпоху большое значение имеют лидеры, заботящиеся о чести своего народа и защищающие ее, сохраняющие нравственные ценности, обращающие внимание на их смысл и дающие глубокие разъяснения. Служение народу создавало благоприятные условия для формирования качеств порядочности, ума, трудолюбия, чистоплотности и стабильности. С большой мудростью история его руководства, его жизненный путь и его наследие воспеваются как гордость нашей нации и земли. История подтвердила, что руководители, служащие своему народу, ценят то, что они являются людьми, стоящими за Отечеством, общественными и политическими деятелями, и их труд навсегда останется в памяти народа. Благодаря тому, что руководство действовало активно, независимо от интересов и судеб своего народа, оно завоевало уважение и восхищение народа.*

***Annotation****: Leaders did not limit themselves to serving the people, but on the basis of the noblest human qualities, they paid special attention to the people's lives and created conditions*

*for their bright life. Talented sons of our people, people like the excellent leader Alymbek Sabitakunov will be a role model for the next generation. He did a lot of exemplary work in the field of education, not limited to leadership. Scientists, thinkers, and sages who served the people, first of all, did work aimed at making education more effective in managing the people. In every era, leaders who care about the honor of their people and protect it are of great importance to preserve moral values, pay attention to their meaning and give deep explanations. Serving the people created favorable conditions for the formation of the qualities of decency, intelligence, hard work, cleanliness, and stability. With great wisdom, the history of his leadership, his life path, and his legacy have been celebrated as the pride of our nation and land. History has confirmed that leaders who serve their people appreciate that they are the people behind the Fatherland, social and political figures, and their work will be forever remembered by the people. Due to the fact that the leadership worked actively regardless of the interests and fate of its people, it gained the respect and admiration of the people.*

***Ачкыч сөздөр****: жетекчи, тарбия, таасир, эл, мээнет.*
***Ключевые слова:*** *лидер, образование, влияние, люди, трудолюбие.* ***Key words:*** *leader, education, influence, people, hard work.*

Эл мындай жетекчилерди өз элинин патриоту эл кызматындагылардын аброюн бийик даражага экенине ынанып сыймыктануу атын бүгүнкү күнгө чейин сактап келишет. Элге кызмат өтөө жана жетекчилик кызматын аткаруу жоопкерчилигинде элдин жашоосундагы көйгөйлөрдү чечүүгө көптөгөн талыкпаган эмгегин үзүрү менен жетишкен. Элибизде бала тарбиялоо жана элге кызмат кылуу бул чоң жоопкерчиликти талап кылат. Алимбек Савитахуновго элинин жашоосунан кабар алып балдарга жакшы тарбия берүүнүн сапатын жогорулатуу жактарына көңүл бөлгөн жетекчи катары бааланган. Элине кызмат кылуу адилеттүү башкаруу эл менен тыгыз байланышта болуу жетекчилердин эмгеги бүгүнкү күнгө чейин тарбиялык мааниси жоготпой келет.

Адам өзү жашаган коомдогу балалуу тагдыры, жашоо абалы өзүнчө бир керемет.Ошол учурда көп түшүнүксүз жагдайлар кедешерине күбө болобуз. Бирок кандай кырдаалга дуушар болбосун адамзаттын жашоосу өзү балалуу экенине ынанабыз. Ар бир өткөргөн күнүбүз жашоонун түгөнбөгөн керемет экенин тарых тастыктап турат. Адам баласы үчүн оор, жеңил, татаал, жөнөкөй, чоң кичине, жакшы жаман деген эң жөнөкөй көрүнүштөр күнүмдүк жашоодо кездешип туруучу жагдайдар көп эле болот. Анын ичинде бактылуу көз ирмемдер, көңүлдү көтөрүп же калтырып коюулар дагы жолугуп калат. Бул жашоонун түгөнбөгөн түшүшү менен айкалышып, тагдырдын буйругун ар түрдүү нукка бурулуп кеткен учурлар болот. Кандай учур экенине карабастан элибиздин улуу нарк нускасын, акылдуу айтылган кеп-кеңештерин күнүмдүк жашоодо колдонуп, тарбия берүү жактарын өздөштүрүп алсак жашоодогу, баалуулуктар өз ордуна кетирүүгө болот. Эч бир билим, илим өнүгүү абалы турукташа элек доордо дагы тарбия берүү жактары өзгөчө көңүл бөлүнүп келген. Анткени ар бир доордун өзүнө тиешелүү баалуулуктары болгон.

Эскерте кетсек үй-бүлөлүк баалуулуктар жана адамкерчилик, адептүүлүк, меймандостук, сылыктык, жөнөкөйлүк мына ушуга окшогон адамзаттын жашоо абалы менен тыгыз байланышта экенин тарых тастыктап турат. Ал эми адамзаттын жашоосунда эң маанилүү болгон нерсе бири-бирине аяр мамиледе болуу жактарына көңүл бөлүнүп келген. Жашоо тагдырдын оор жагдайлары дагы кадимкидей эле кездешип туруучу жагдайладын бири катары эсептесек болот. Ошого карабастан элибиздин ынтымагы, камкордугу, түшүнүү менен мамиле жасагандыгы тууралуу көп эле жакшы пикирлер айтылып жүрөт.Эч качан болор болбос ишке баш уруп маанайын чөктүрбөй бири-бирине

колдоо көрсөтүп келгени элдин айкөлдүгү катары бааланган. Адамзаттын басып өткөн таржымалына эң мыкты сапаттарынын бири чечкиндүүлүгү, чыдамкайлык экенине күбө болобуз.

Бул адамзатын басып өткөн тарыхында тастыкталган баалуулуктар тууралуу ата-бабаларыбыз кененирээк маалымат берип тарбиялоонун баалуулуктарына токтолгон жана өз oорду бар экенин эскертишкен. Эң күчтүү баалуулуктардын бири бул тарбиялоо, окутуу, билим берүү экенине жана элибиз өзүнүн салт-санаасын унутта калтырбай пайдаланып келишкен. Көпчүлүк учурда дагы өзгөчө баалуулуктарга көңүл.бөлүнбөй калганына күбө болобуз. Бул баалуулуктар тууралуу токтолсок ден соолук, амандык, боорукердик, ынтымакчылык ар кандай ооруларга даба болорун эсибиздеп чыгарып койгон учурлар болот. Бул адамзаттын жашоо тарыхында байма-бай айтылып, кездешип турат жана тарбия берүүдө дагы өзүнүн маанисин жоготпой келет.

Адамдагы адептүүлүк баалуулуктар тууралуу жашоодо кенен ой жүгүртүп анын жашоого керектүү жактарын талдап көрүү эң ыңгайлуу шарттардын бири болуп эсептелет.

Азыркы күндө жакшы мамиле жасоо, алсыз жарандарга кайрымдуулук жасоо иш-чарасы негизи маселе катары бааланат. Адамзаттын жан-дүйнөсү жабыркап турганда анын жашоого болгон муктаждыгын камсыз кылуу менен гана чектелбестен, баардык жактан колдоо көрсөтүп туруу зарыл баалуулуктардын катарын толуктайт. Дегеле бир канча баалууктар бар экенине карабастан адамзатка таандык көптөгөн баалуу көрүнүштөр бар. Биз ал көрүнүштөргө солгун көңүл бөлөбүз. Атап айтсак, адамдын ички дүйнөсүндө уйгу-туйгу болгон сезимдер, адамдын жашоосундагы социалдык абал боюнча көбүнчө көңүл бөлбөй калган учурлар эң орчундуу маселе экенин байкабай калабыз. Адам өзүнүн жеке жашоосуна туруштук бере албай, турмуштун оор запкысына дуушар болгон жагдайларга жашоодо өзгөчө көңүл бурулбай калган учурлар болот. Ал учур адамзаттын жашоосунда материалдык баалуулуктар негизги орунду ээлейт деп эсептешет. Бирок ал орчундуу маселени чечүү жана андай абалдан чыгуунун жолдорун издеп көрүү негизги маселе катары баалайбыз. Ар бир адам өзүнүн жашоосунда бир топ маанилүү маселени чечүү менен алсыз адамдарга колдоо көрсөтүү зарылдыктарын эске алышкан.

Айрым учурда адамдар өзүн-өзү баалай албай, өзүн-өзү башка албай көп кыйынчылыктарга дуушар болушат. Андай учурдан чыгуунун жолдорун бири өзүн-өзү тарбиялоо, эл менен тыгыз байланышта болуу, турмушта болгон көйгөйлөрдү чечүүгө аракет жасоо орчундуу маселердин бири. Азамдын жашоосундагы үмүт, максат деген баалууктар бар экенине күбө болобуз. Ал максатка жетүү үчүн акыл эс, аракет, эмгектенүү, иштөөгө окшогон зарылдык бар экенин эске алышыбыз керек. Эмгек адамдын аракетинен жаралат. Эмгектенген адам көп ийгиликтерге жетишкен. Ошондуктан ак эмгек жошоонун үзүрү деп бааланат. Эмгектенген адам жашоодо өз ордун табат, жашоонун кыйынчылыктарын жеңип чыгат. Бул жашоо тастыкталган баалуулуктар жана эмгектин үзүрү өмүр боюу сакталып, элдин эсинде калат.

Ар бир адам жетекчи кызматтарды аркалап, элге татыктуу жана пайдалуу иштерди жасоого аракеттенет. Азыркы учурда тарбиянын өзөгүн түзгөн, таалим, тарбиянын каражаттары негизги орунда турат. Айрым адамдар дээринен жетекчилик кызматка даяр, тилинде, дилинде, акылмандыгында, ой жүгүртүүсүнүн көрөңгөсү кенен болгон инсандар кездешет. Буга мисал катары Алымбек Савитакуновду айтсак болот. Кыргыз элиңде элге кызмат жасаган, келечек муундарга тарбия берүү жагынан үлгү көрсөткөн инсандарыбыз Касым Тыныстанов, Чыңгыз Айтматовдун ар бир айткан сөздөрү, чыгармалары жашоонун маңызы деп айтсак болот. Алибетте мындай инсандардын басып өткөн жолу, жасаган эмгегин тарых тастыктап, өз баасын берген. Мындай инсандар "Чырпыктан чынар"

жаратып, мамлекеттин пайдубалынын түптөлүшүнө салымын кошуп, татыктуу тарбия берүүгө көмөк көрсөтүп келишкен. Элге кызмат кылуу менен жетекчилик кызматты аркалоо өз милдети катары баалаган инсандарыбыз коомдун өнүгүү процессинде көптөгөн жетишкендиктерди жаратып кетишкен. Улуу муундагы инсандар бала тарбиялоодо өзүнүн элинин каада-салттарын, нарк- нускаларын, жөрөлгөлөрүн көрөңгөсүн колдонуп тарбиялашкан. Кыргыз элибиздин басып өткөн тарыхында өзүнө тиешелүү баалуулуктарды, маданиятын бекемдөө сактоого милдеттүү экенин баса белгилешкен. Бул инсандар тарбиянын таасирдүү жана натыйжалуу болушуна көңүл буруп, тарбиянын орчундуу жагы катары баалашкан. Биздин улутубуздун улуулугун даңазалаган баалуулуктар тээ эзелтеден бери карай эле тарбия берүү, элге кызмат кылуу жактарын барктап, баалап келген эл десек болот. Тарбия берүү тармагында үрп адат, каада-салт, ырым - жырымда дагы элдин дүйнөгө болгон көз карашын өнүктүрүүгө өрнөктүү жетекчилердин эмгегин, өмүр таржымалын элге жайылтып, тарбия ирээтинде көрсөтүп турушкан.

Улуу инсандын белгилүү бир инсандык сапаттарга ээ болгон адам, ал кандай кырдаалда болбосун, жакшы жетекчи болот деген ишенимде айтып тастыкташкан. Эгерде бул теория таянсак анда адамды көрүнүктүү жетекчи элге кызмат кылган кээ бир негизги сапаттар баалуу экенине ынандык.

Жетекчиликтин эң негизги баалуулук жактары эл менен мамиле түзө билүүсү абзел деп ойлойм. Эл менен иш алып баруу татаал процесс экенине карабастан элге ишенимдүү кызмат кылуу жактарын көзөмөлгө алуу зарыл экенине басым жасашкан. Элге кызмат өтөө, жетекчилик кылуу үчүн ар бир жасаган ишине кылдаттык менен изилдөө жүргүзүү жоопкерчиликтүү болуу жакшы жыйынтыкка алып келген.

Элибизге тиешелүү баалуулуктар бала тарбиялоодо адептүүлүктүн көрөңгөсү катары белгиленген. Балдарды чынчылдыкка, адептүүлүккө, ыймандуулукка, тарбиялоо элибиздин көөнөрбөс дөөлөттөрү, моралдык баалуулуктар тууралуу түшүндүрмө берет. Адептүүлүккө тарбиялоо менен балдарды эрктүүлүккө тарбиялоо, гумандуулук аракеттерин калыптандырууга болот. Адамдын жашоосундагы эң жогорку деңгээлдеги баалуулуктарды балдардын аңсезимине сиңирүү адептик тарбиянын маанисин түшүнүп анын өз жашоосунда колдонуу адептүүлүк баалуулуктар маралдык, социалдык, маданият катары мүнөздөлгөн. Баланын адептүүлүгүн анын жүрүм -турумунан, жашоого болгон көз карашынан байкоого болот. Ар бир балага адептик жана моралдык баалуулуктарга муктаж. Анткени бүгүнкү күндө адептик тарбия берүү жагынан көңүл буруу жана адептүүлүк нормаларды аткарууга тийиш экенин билүү эң күчтүү каражат жана тарбиялоонун баалуулуктары. Баланын адептик аң сезимине таасирин тийгизген тарбиянын баалууктары жана моралдык көз карашы калыптануусу негизги орунда турат.

Элге кызмат өтөө жана жетекчилик кызматы аткаруу жоопкерчилигинде элдин жашоосундагы көйгөйлөрдү чечүүгө көптөгөн талыкпаган эмгегин үзүрү менен жетишет. Элибизде бала тарбиялоо жана элге кызмат кылуу бул чоң жоопкерчиликти талап кылат. Алимбек Савитахунов элинин жашоосунан кабар алып балдарга жакшы тарбия берүүнүн сапатын жогорулатуу жактарына көңүл бөлгөн жетекчи катары бааланган. Элине кызмат кылуу адилеттүү башкаруу эл менен байланышуу жактары бар жетекчилердин эмгеги бүгүнкү күнгө чейин тарбиялык мааниси жоготпой келет[1].

Жетекчилер элдин жашоосундагы көйгөйлөрдү чечүүгө себепчи болсо, бийликтин мотивация элдин жакшы жашоосуна шарт түзөт. Жетекчинин элге болгон камкордугу, бийик интелектуалдык деңгээли, акылмандыгы башкаруу тармагында ийгиликтердин башатын жаратат. Ал эми элге кызмат кылган жетекчилер өздөрүнүн эмгек жолунда

натыйжалуу иштерди аткарат. Мындай жетекчилер кадыр-баркын, беделин белгилеп айтып туруу, кийинки муундарга мурас катары калтырып кеткенине байланыштуу тарбиялык жагы өзгөчө мааниге ээ. Элге кызмат кылган жетекчилер өздөрүнүн эмгек процессинде жетекчи катары ишмердүүлүктү уюштуруу эрежелерине көңүл буруп коомдук жактан жакшы мүмкүнчүлүк жаратуу жагынан ийкемдүү жана ыңгайлуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтүшөт.

Адамзаттын жашоо тарыхында элге кызмат кылуу бул бакубат жашоонун өзөгүн түзөт. Ошондуктан ар бир жетекчи, ар кандай ишмердүүлүктүн багытын туура тандоо, ар бир ишке жоопкерчиликтүү мамиле жасоо алсыз жашоодон алыс болууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Элибиздин улуттук нарк насилдери дегенде эле тарбия ирээтинде айтылган сөздөр, кепкенештерди айтсак болот. Ар бир элге кызмат кылган адамга терең жоопкерчилик деген бийик касиет болушу зарыл экенин белгилөөгө болот. Анткени элге кызмат кылган жетекчилер жашоочулардын өзгөчө адептүүлүк түшүнүктөрдүн калыптанышы көңүл бурушкан. Өзүбүзгө руханий азык топтоо азыркы учурдун зарыл көрүнүштөрдүн бири деп ар бир жетекчи айтып келгенине күбө болгонбуз. Адамдын жүрүм-туруму жалпы коомдун нарк насилдери төп келген күнүмдүк адаттарды калыбына келтирүү бул чоң жетишкендик экенин айтышкан жана ар бирибиз билишибиз керек деген ойду баса белгилешкен. Коомдун өнүгүүсүнүн деңгээли ар убак анын адептик рухий-ыймандык бийик даражасы менен өлчөнөт. Адамдын акыл- эси калыптагыдай туруп, анын адептик көз карашын жүрүм-турумун өстүрүүгө мүмкүн эместигин жетекчилер көп эле учурда токтолгонун белгилөөгө болот. Көпчүлүк учурда билими менен адептик жүрүм-туруму шайкеш келген жетекчилер элине калган кызматы жана өз учурунда баалап, барктап туруу негизги маселе болуп жсептелеп. Ошондуктан талим-тарбия, билим бири-бири менен тыгыз байланышта экенин ар бирибиз унутпашыбыз керек[2].

Дагы бир айтыла турган нерсе жетекчилер өздөрүнүн кызматтык милдеттерин так аткаруу үчүн кесиптештерин жетишкендиктерин жараша баалоо аларга сыйлыктарды ыйгаруу дагы элге кызмат кылууга чоң өбөлгө түзөт. Келекчек муунга үлгү көрсөтүү, келечекке даярдоого салым кошкон жетекчилердин ишмердүүлүгү тууралуу бүгүнкү күнгө чейин тарбиялык мааниси жоготпой келет.

Буга байланыштуу тарбиялык мааниси өзгөчө "Эл эмгегин жер жебейт" деген накыл сөздөрдун тарбиялык мааниси бар. Жетекчинин дагы бир чоң жетишкендиги катары ишмердүүлүктү өнүктүрүү адилеттүү болуу, кандай иш болбосун туура чечим чыгарууга аракет кылганда гана элдин ишенимине ээ болот.

Элге кызмат кылган жетекчилер токтоолук, сабырдуулук, жөнөкөйлүк менен иш алып барууга көмөк көрсөтүү ар бир тармакта эмгектенген адистердин кесипкөйлүк билиминин көрөңгөсү жана жетишкендиги деп айтсак туура болот.

Азаматтын жашоо тарых таржымалын карап көрсөк бардык эле адам жетекчилик кызматы аткара албай калышы мүмкүн. Бирок элге кызмат кылуу жактарын терең изилденип бир аз болсо дагы өз элине кызмат кылып жашоосун жакшы жакка өзгөрткөнгө көмөк көрсөтүү, элдин түйшүгүн жеңилдетүү максатында көп аракеттерди жасап келишкен. Ошол үчүн убакыттын өтүшү менен изилдөөчүлөр бир гана инсандык жекече сапатын баалоо жетишсиз жана ал инсандык кызматтын, жетекчилик ролу чоң өзгөчөлүк жатат деген тыянакка келишкен. Бирок жетекчилик сапаттардын жетишкен жактары бар экенин эске алышкан. Элге кызмат кылуу, жетекчи болууга түрткү берген адамдагы лидерлик мүнөздөрү аркылуу туура иш алып барууга мүмкүнчүлүгү түзөт[3].

Ар бир мезгилде жетекчи кызматта эмгектенген инсандар иштин туура аткарылышына көбүрөөк көңүл бурушат жана элдин жашоосу менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт. Жетекчилер өз ара мамилелерин өркүндөтүү аркылуу эмгектин натыжалуулугун жогорулатууга көмөктөшөт. Бирге иштеген кызматкерлерге маанилүү чечимдерди кабыл алууда жетекчи өзүнүн лидерлик касиетин көрсөтөт. Жетекчи өзүнүн эмгек жолунда кызматкерлердин маанайын жана муктаждыктарын эске алат. Албетте ар бир жетекчинин өзүнүн стили ишке багытталган ишмердүүлүктү уюштурууга негиз болоору аныкталган.

Дегеле бир канча баалууктар бар экенине карабастан адамзатка таандык көптөгөн баалуу көрүнүштөр бар. Биз ал көрүнүштөргө солгун көңүл бөлөбүз. Атап айтсак, адамдын ички дүйнөсүндө уйгу-туйгу болгон сезимдер, адамдын жашоосундагы социалдык абал боюнча көбүнчө көңүл бөлбөй калган учурлар эң орчундуу маселе экенин байкабай калабыз. Адам өзүнүн жеке жашоосуна туруштук бере албай, турмуштун оор запкысына дуушар болгон жагдайларга жашоодо өзгөчө көңүл бурулбай калган учурлар болот. Ал учур адамзаттын жашоосунда материалдык баалуулуктар негизги орунду ээлейт деп эсептешет. Бирок ал орчундуу маселени чечүү жана андай абалдан чыгуунун жолдорун издеп көрүү негизги маселе катары баалайбыз. Ар бир адам өзүнүн жеке жасоосунда бир топ маанилүү маселени чечүү жана алсыз адамдарга колдоо көрсөтүү жактарына жетекчилер көңүл бөлүшкөн. Бул элге кызмат кылган жетекчилердин көрөгөчтүгү катары баалашкан[4].

Элдин жашоосу менен тыгыз байланышта иш жүргүзгөнүнө күбө болобуз. Ал адамдардын өз ара мамилесин өркүндөтүү аркуылуу эмгектин натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшө, бирге иштеген кызматкерлерге маанилүү чечендерди кабыл алууда жетекчи өзүнүн эмгек жолунда кызматкерлердин маанайын жана муктаждыктарын эске алат.

Элге кызмат жасаган жетекчилер өзүнүн элине урмат-сый көрсөтүү, эли-жерин сүйүү менен өздөрүнүн эмгек жолундагы ишмердүүлүктүн ийгилигин жаратышкан. Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү, элдин ынтымагын сактоо достук мамилерди күчөтүү жактарына көңүл бөлүшкөн. Анткети ар бир элдин өзүнө тиешелүү маданияты, менен салттары болгонуна байланыштуу башка элдин дагы баалуулуктарын эске алуу жагы каралган. Жетекчилердин эмгек жолунда улуттук жөрөлгөлөрдү сактап аны өз элине жайылтуу үчүн көптөгөн иш -аракеттерди жасашкан. Уллуттун, улуулугу тилинде деген көөнөрбөс дөөлөттөрүн пайдаланып ар бир улут өзүнүн баалуулуктарын пайдаланып аны сактоого шарт түзгөн. Бул жетекчинин лидерлик касиетин көрсөткөн. Башка улуттар менен бирдиктүү иш алып барууга көмөк көрсөтүү жетекчинин көрөгөчтүгү катары эсептешкен.

Жетекчилер өз элинин бейпилдигин камсыз кылуу, аларга колдоо көрсөтүү негизги максаты экенине көңүл бурушкан. Элдердин биримдиги, элдин ынтымак жашоосун чыңдоого багытталган эмгек жана адептик тарбиянын баалуу көрөңгөсү.

**Адабияттар:**


1. Г. Мадаминов., "Ата-энелер сиздер үчүн"., Бишкек 2021 26-28б.
2. Х. Эртугрул ., "Бала тарбиялоодогу жаңы ыкмалар"., Бишкек 2019 61-64б
3. Г. Мадаминов., "Ата-энелер сиздер үчүн"., Бишкек 2017. 19-20, 78-80б
4. Абидетегин Ж., Жапаркул у А., "Адам көркү адеп"., Бишкек 2017. 15-17б
5. Б. Апыш., Д. Бабаев., Т. Жоробеков. "Педагогика" Бишкек 2002. 397,399,402б